| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br>АК-ДӨБӨ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЫССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>АК-ДЮБИНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|---|
| Тилекмат айылы,<br>Асаналиева № 42 | факс 60201<br>тел. 60203 | село Тилекмат,<br>ул.Асаналиева № 42 |

ДЕПУТАТТАРДЫН АК-ДӨБӨ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫНЫН

# ТОКТОМУ

03-май 2022-жыл №39 Тилекмат айылы

**Ак-Дөбө айыл аймагында калкты ичүүчү суу менен камсыз кылуу жагындагы пайдалануучулары таза сууну максатсыз пайдаланышына чара колдонуу жөнүндө.**

Ак-Дөбө айыл аймагында ичүүчү суу пайдалануучулардын жетекчилери аймагыбызда таза сууну максатсыз колдонуп (огород сугарууга шланг таштоо) жаткан айыл тургундарына чара колдонуу боюнча “Таза- Суу-Шалба” айылдык коомдук бирикмесинин, СООППВ “Мунак” таза суу бирикмесинин, ИСКАКБ “Өстөн булагынын”жетекчилеринин билдирүүсүн угуп жана талкуулап айылдык кенеш токтом кылат:

1. Тилекмат, Мундуз, Ак-Дөбө, Аң-Өстөн айылдарында ичүүчү суу пайдалануучуларына таза сууну максатсыз колдонууга чектөө коюлсун.
2. “Таза- Суу-Шалба” айылдык коомдук бирикмесинин, СООППВ “Мунак” таза суу бирикмесинин, ИСКАКБ “Өстөн булагынын” жетекчилери жеринде кыдырып, ичүүчү сууну максатсыз пайдалануучулар тизмесин аныкташсын жана жазуу жүзүндө айыл мыйзамынын 1-бөлүмүнүн 6-беренесинин 6.3 жана 6.4. пунктарынын негизинде “Таза ичүүчү сууну үй тиричиликтен башка максаттарга колдонууга тыюу салынганы жана максатсыз урунулгандыгы үчүн айып пул салынаары эскертилсин
3. Ак-Дөбө айыл аймагынын жергиликтүү жаамаатынын Уставынын (айыл мыйзамы) 1-бөлүмүнүн 6-беренесинин 6.3 жана 6.4. пунктарынын негизинде ичүүчү сууну максатсыз урунган суу пайдалануучулар үчүн 5000 (беш мин) сом өлчөмүндө айып пул салынсын.
4. Токтомдун аткарылышын “Таза- Суу-Шалба” айылдык коомдук бирикмесинин, СООППВ “Мунак” таза суу бирикмесинин, ИСКАКБ “Өстөн булагынын” жетекчилерине жүктөлсүн.

**Төрагасы** **А.Тыныбеков**